# Канаты кайрылган шумкар

Үсөн Жээнтаев
Самат Тоялиев

**Ар бир өлкөнүн тарыхында бөтөнчө адамдар бар, алардын элеси көзү өткөндөн кийин узак жылдар бою элдин эсинде сакталып кала берет. Алардын өмүрү өз элинин жыргалчылыгы үчүн өз жанын курмандыкка чалуунун жана такыбалыктын реалдуу мисалы, адам баласы өз энчисине тийген бүт тоскоолдуктарды, кыйынчылыктарды жеңе аларынын жандуу мисалы болгон. Алардын сүргөн өмүрү жана жасаган иштери адеп-ахлактуулуктун жана рухий күч-кубаттын жогорку стандартын өз ичине камтыйт жана, албетте, элдин рухий байлыгын түзөт.**

Байыркы ишенимдер боюнча илегилек – адамдарга ийгилик жана кубаныч алып келүүчү канаттуу. Ал эми кыргыз жергесинде бүтүндөй Лейлек району ушул канаттуунун атын алып жүргөнү бекеринен эмес. Так ушул жерде 1910-жылдын берекелүү күзүндө шахтёр Раззактын үй -бүлөсүндө ири коомдук ишмер, кыргыз элинин чыгаан уулу Исхак Раззаков жарык дүйнөгө келген.

Сегиз жашында ал томолой жетим калып, Ходжент шаарындагы балдар үйүндө тарбияланган, андан соң Ташкенттеги мектеп-интернатта окуган. 1925-жылдан 1929-жылга чейин Ташкент шаарындагы Өзбек агартуу институтунда, 1931-жылдан 1936-жылга чейин Москва пландоо институтунда билим алган.

Жогорку экономикалык билимге ээ болгондон кийин ал кызматтык тепкичтерден тез көтөрүлө баштаган. Бир нече жылдын ичинде катардагы пландоочудан Өзбек ССРнин Мамлекеттик пландоо комитетинин төрагалыгына чейин өсүп жеткен. 1941-жылдан тартып Исхак Раззаков Агартуу эл комиссары жана бир эле учурда Өзбек ССРнин Эл комиссарлар Советинин төрагасынын орун басары, 1944-жылдын майынан 1945-жылга чейин Өзбекстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин идеология боюнча катчысы болуп иштеген. Ал эми 1945-жылдын аягынан тартып Кыргызстандын башкы партиялык жана советтик жетекчилеринин бири болгон.

Исхак Раззаков Өзбекстандын агартуу жана маданият тармактарын өнүктүрүүгө бараандуу салымын кошкон, аны замандаштары "өзбек элинин кыргыз уулу" деп атаганы кокусунан эмес. Анын ысымын бүгүнкү күндө да өзбек жергесинде сыймыктануу менен аташат.



Исхак Раззаков табиятынан адаттан тыш өзгөчөлүктөргө ээ болгон. Кайсы гана элде болбосун мындай адамдар күн сайын, ал тургай, жыл сайын эле төрөлө бербейт.

Мамлекеттик саясий лидердин уюштуруучулук жөндөмдүүлүктөрү жана таланты Кыргызстанда иштеген жылдары толук кандуу ачылып чыга келди. Ал көптөгөн жакшы сааматыктардын жана жетишкендиктердин демилгечиси болуу менен беш жылга жакын өкмөттүн башында туруп, он жылдан ашуун республиканын партиялык уюмун жетектеди. Бул жерде ал республиканын Компартиясынын Борбордук Комитетинин I катчылыгына, башкача айтканда, Кыргызстандагы эң жогорку кызмат ордуна дайындалган биринчи кыргыз экендигин белгилей кетүү зарыл. 1950-жылга чейин КПСС БК бул кызмат ордун жергиликтүү кадрларга ишенип берген эмес.

Исхак Раззаков өлкө кыйроо абалына кептелген согуштан кийинки жылдары республиканын жетекчиси болуп калды, ошондо 35 жаштагы Исхак Раззаковго өтө чоң жоопкерчилик жүктөлдү. Бирок ага чейин эле ал терең билим алып, турмуш жолун басып өткөн болчу, ал эми анын артында Өзбекстандын жооптуу өкмөттүк жана мамлекеттик кызмат орундарындагы иш тажрыйбасы бар эле. Ал өзүнө жүктөлгөн ишти абийирдүүлүк жана ар-намыстуулук менен аткара алды. Бүгүнкү күндө республиканын экономикалык дараметин түз-

гөн: Исхак Раззаковдун демилгесинин жана күч-аракетинин аркасында түзүлүп, өнүгүүгө бет алган өндүрүш объекттери, транспорттук, чарбалык, энергетикалык жана социалдык инфраструктуралар буга далил боло алат.

Ал мезгилдин шарттарында коюлган тапшырмалардын аткарылышын камсыздоо үчүн зор уюштуруучулук жөндөмдүүлүк, аналитикалык ой жүгүртүү жана патриоттук дух, тапшырмаларды аткарууга элди шыктандыра билүүчүлүк талап кылынган.

Исхак Раззаковго өлкөдө "жеке адамга сыйынуу" режими үстөмдүк кылып, ал эми көптөгөн өз алдынча ойлонгон демилгелүү адамдар улутчулдар жана эл душмандары катары репрессияланып жаткан кезде республиканы жетектөө милдети артылган. Мындай кыйын кезеңде ага борбордун алдында республиканын таламын талашууга жана өмүрүнүн акырына чейин кыргыз жергесинин гүлдөп-өсүшү үчүн күрөшүүгө туура келген.

Интеллигенцияны сактоо, республиканын интеллектуалдык дараметин арттыруу ишиндеги анын салымы өлчөөсүз. Ал жетектеп турган мезгилде 1930-жылдары репрессияланган көрүнүктүү партиялык жана мамлекеттик ишмерлер акталып, ысымдары калыбына келтирилген.

Исхак Раззаков өз элинин жалындуу патриоту эле эмес, чыныгы интернационалист катары да таанымал. Ал айрыкча кыргыз эли менен орус элинин ортосундагы достукту чыңдоого зор маани берген. Буга Кыргызстан менен Ленинград областы ага-инидей болуп калгандыгы өбөлгө болгон. Ал биздин республика көп улуттуу экендигин жана тынчтык менен ынтымак анын эң башкы жетишкендиги экендигин эң сонун түшүнүп, элдердин достугун бекемдөө интеллигенциянын биринчи кезектеги милдети болууга тийиш экендигин дайыма баса белгилеген, бул бүгүнкү күндө да актуалдуу.

**Исхак Раззаковдун жубайы Рауза Ихсановна өзүнүн эскерүүлөрүндө 1943-жылы алар Виктор Терешенко аттуу төрт жашар жетим баланы кандайча тарбиялашканын айтат. Исхак Раззаков балага өзүнүн фамилиясын берип, аны Эмил деп атап, өзүнүн уулу Эриктен, кызы Элмирадан кем кылбай багып өстүргөн. Турмуш жүгү желкеден ныгыра баскан оор согуш жылдарында бул кадыресе эле көрүнүш болгон, бирок Исхак Раззаков муну өзүнүн парзы деп эсептеген.**

Исхак Раззаковдун жубайы Рауза Ихсановна өзүнүн эскерүүлөрүндө 1943-жылы алар Виктор Терешенко аттуу төрт жашар жетим баланы кандайча тарбиялашканын айтат. Исхак Раззаков балага өзүнүн фамилиясын берип, аны Эмил деп атап, өзүнүн уулу Эриктен, кызы Элмирадан кем кылбай багып өстүргөн. Турмуш жүгү желкеден ныгыра баскан оор согуш жылдарында бул кадыресе эле көрүнүш болгон, бирок Исхак Раззаков муну өзүнүн парзы деп эсептеген.

Исхак Раззаковдун инсан катары, ири мамлекеттик жана саясий ишмер катары калыптанышына ошол мезгилдин интернационалдык шарттары түрткү берген.

Өзүнө гана мүнөздүү маданияты жана терең рухий мурасы жок элдин келечеги жок. Ал элибиздин тарыхына терең сүңгүп кирип, анын байыркы тамырларын изилдеген, кыргыз элинин тарыхый ордун табууга жана аныктоого аракеттенген. Муну менен ал элибиздин байыркы тарыхын таанып -билүүгө бараандуу салымын кошуп, ошонусу менен улуттук аң-сезимди жана элибиздин духун көтөрүүгө түрткү берген. 1940-1950-жылдары "Манас" эпосун, кыргыз элинин тарыхын окуп үйрөнүү боюнча чоң-чоң иштер жүргүзүлгөн. Ал үчүн Москванын, Ленинграддын илимий-маданий борборлорунан көрүнүктүү окумуштуулар чакыртылган. "Манас" эпосу биринчи жолу жарык көрүп, ошону менен эпостун чыныгы элдүүлүгү далилденген. Эпосту окуу жайларда окуп үйрөнүү мүмкүнчүлүгү түзүлгөн, окумуштуулардын илимий эмгектери чыга баштаган. Кыргызстандын тарыхы боюнча эки томдук да өз окурманын тапкан.

Исхак Раззаков республиканын илимий-агартуучулук дараметин арттырууга өзгөчө кам көргөн. Анын жетекчилиги астында Илимдер академиясы, Кыргыз мамлекеттик университети, Политехникалык институт, Кыргыз кыз-келиндер пединституту, Ош пединституту, Пржевальский пединституту, Кыргыз дене тарбия институту жана көптөгөн тармактык илимий-агартуу мекемелери түзүлгөн. Анын жеке демилгеси жана активдүү катышуусу менен улуттук кадрлар даярдалган. Таланттуу улан, кыздар Москванын, Ленинграддын жана Союздун башка шаарларынын жогорку окуу жайларына жиберилген.

Жаңы прогрессивдүү демократиялык реформаларга болгон ишеними, аларды турмушка ашырууга болгон чын дилден каалоосу экономикалык, айрыкча саясат жана маданият тармактарында Исхак Раззаковдун бардык эң сонун каалоо-тилектеринин жана иш-аракеттеринин ойгонушуна мүмкүндүк берген. Ал ишбилги, дараметтүү, баарына чын дилинен күйгөн чыныгы жетекчи болгон. Бирок, тилекке каршы, ал кездеги саясат ошондой болчу, Москвадагы жогорку бийликтин макулдугусуз эч нерсени чече албаганчу эмессиң. Ал тургай, мектеп окуучулары үчүн эртең мененки ысык тамакты уюштуруу, мектепти аяктаган улан, кыздарды өлкөнүн борбордук жогорку окуу жайларына топтоо сыяктуу маселелерди да өз алдынча чечүүгө мүмкүн эмес болчу. Мындай шарттарда демилге көтөрүү жана бышып жетилген маселелерди ыкчам чечүү жеңил эмес эле. Бирок Исхак Раззаков дайыма Москванын тынчын алып турган. Анын ар бир өтүнүчү дайыма негиздүү, далилдүү болор эле. Анан да бардык маселелер негизинен оң жагына чечилчү.

Чынында, анын кыргыз тилин орус тили менен катар окуу программасына киргизүү жана окуучуларга бекер тамак уюштуруу демилгесин атуулдук эрдик деп эсептөөгө болот. Бирок бул демилгелер улутчулдук катары бааланып, жогорку жетекчилик тарабынан токтотулган.

Исхак Раззаков республиканы жетектеп турган кезде маданиятты жана массалык маалымат каражаттарын өнүктүрүүдө олуттуу жетишкендиктер болгон. 1958-жылы республикада 115 республикалык, областтык, райондук, шаардык гезит-журналдар жалпысынан 1,5 миллион нускада чыгып турган.

1950-жылдары республикада адабияттын жана искусствонун бардык жанрларында чыгармалар жаралган. 1958-жылы Москвада өткөрүлгөн көркөм чыгармачылыктын он күндүгү бүткүл Союзга Кыргызстандын элин, анын маданиятын даңазалаган.

Анын түздөн-түз жетекчилиги астында курулуш иштери башталып, эл чарбасынын бардык тармактары – автомобиль куураштыруучу завод, комволдук-ноогу комбинаты, бут кийим фабрикасы, Ленин атындагы реконструкциялоо заводу, физикалык шаймандар заводу, бир катар тамак-аш, жеңил жана жергиликтүү өнөр жай ишканалары укмуштуудай дүркүрөп өнүккөн. Республиканын түндүгү менен түштүгүндө түстүү металл ишканалары курулдөп иштеп, көмүр казып алуу-

нун көлөмү көбөйгөн. 1960-жылы Кыргызстан өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмү боюнча жана өнөр жай продукцияларынын түрлөрү боюнча планды мөөнөтүнөн мурда аткарган.

Майлысай, Кадамжай жана Миңкуш уран кендери толук кандуу иштеп турган. Илимдин жана техниканын тили менен Кара-Балта тоо-металлургиялык комбинаты курулган. Нарын каскадынын алгачкысы болгон Орто-Токой суу сактагычынын, Үч-Коргон ГЭСнин, Токтогул ГЭС боюнча долбоордук иштердин, Папан, Төрт-Күл жана Киров суу сактагычтарынын курулушу башталган. Төө-Ашуу ашуусу аркылуу тоннелдин курулушу, Фрунзе – Жалал-Абад, Ош – Лейлек жолдорунун курулушу жана реконструкциясы боюнча чечкиндүү чаралар көрүлө баштаган.

Жаңыдан курулуп бүткөн Кант-Балыкчы темир жолунун ачылышында сүйлөгөн сөзүндө Исхак Раззаков мындай деген: "Ысык-Көл жана Тянь-Шань областтары мындан ары Советтер Союзунун башка республикалары менен темир жол аркылуу туташмакчы. Жаңы темир жол республиканын өндүрүш күчтөрүнүн өнүгүүсүн дагы батыраак алдыга жылдыруу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачат".

Айыл чарба тармагында да зор ийгиликтер болгон. Дан азыктары эгилүүчү айдоо аянттары кеңейтилген. Ар кыл түрдөгү малдын башы көбөйтүлгөн. Дан азыктарынын мол түшүмдүү жаңы сорттору жана жаныбарлардын мол азыктуу түрлөрү чыгарылган. Жаңы технологиялар киргизилип, өндүрүш процесстери электрификациялаштырылган жана механизациялаштырылган. Жайыттарды өздөштүрүү, суу жеткирүү жана өркүндөтүү боюнча албан иштер жүргүзүлгөн. Ошол кезде айыл чарба өндүрүшүнүн өнүгүү деңгээли боюнча Кыргызстан Советтер Союзунда алдыңкы сапка суурулуп чыккан.

Калктын бардык катмарларынын материалдык абалын мындан ары да жакшыртуу ар дайым анын камкордугунун негизи болуп келген. Ал бардыгына үлгү болгон, чыныгы интернационалист болгон, бардык элдердин биримдиги жана коргошундай уюшу үчүн күрөшкөн. Ал үчүн кыргыз эли бүтүн, бөлүнгүс болгон, ал Түндүк менен Түштүктүн ортосуна жик салгысы келгендерди жек көргөн.

Анын талантынын көп кырдуулугунун дагы бир жагы – ал өз учурунда орус классиктери: Л. Толстойдун жана А. П. Чеховдун чыгармаларын өзбек тилине которгон. Адабиятка жана маданиятка көбүрөөк көңүл бөлүп, сынчы катары рецензияларды жазган, айтор, ал бул жаатта да ири адис болгон.

Өз жанын аябаган талыкпас эмгеги аркылуу ал айланасындагы жолдошторун баш-оту менен берилип иштөөгө кызыктырган жана аргасыз кылган. Ар дайым так жүргөн. Кандай гана маселе болбосун компетенттүүлүк жана адилеттүүлүк менен чечкен. Ал адамча жашап өткөн жана өз өлкөсү үчүн чындап күйгөн. Кыргызстандын эли Элдердин шериктештигинде жана боордоштугунда татыктуу ордун ээлеши үчүн ал эбегейсиз уюштуруучулук рухий күч-кубатын жана оргуштаган энергиясын өз элинин келечеги үчүн, республиканын түп-орду менен кайра жаралуусу жана ар тараптуу гүлдөп -өсүшү үчүн сарптаган.

Партияга жана Совет мамлекетине, ошондой эле Кыргызстан менен Өзбекстандын экономикаларын өнүктүргүгө сиңирген зор эмгеги үчүн Исхак Раззаков жогорку өкмөттүк сыйлыктарга: төрт Ленин орденине, эки Эмгек Кызыл Туу орденине, I даражадагы Ата Мекендик согуш орденине, Кызыл Жылдыз орденине, ошондой эле бир нече медалдарга татыктуу болгон.

1961-жылы 9-майда Кыргызстан КПБКнын пленумунда Исхак Раззаков кутумдар жапкан жалаанын негизинде Кыргызстан КПБКнын 1-катчылыгынан бошотулган. Ага өз Мекенинде калууга уруксат беришпей, Москвага кетүүнү сунушташкан. Ушундай оор моралдык соккудан соң анын андан аркы өмүрү Москвада өткөн. 1961-жылдын август айынан тартып ал Мамлекеттик экономикалык советтин мүчөсү, СССРдин Мамлекеттик пландоо комитетинин тамак-аш өнөр жайы бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. 1967-жылы эс алууга кеткен. Канаты кайрылган шумкар сымал, ата журтунан алыска сүрүлгөн улуу инсан 1979-жылы 18-мартта Москвада көз жумган.

Ооруп жүргөн кезинде Исхак Раззаков кабыргасы кайышып бир канча жолу мындай деген: "Эгер менин сөөгүмдү өзүмдүн туулган жеримде эмес, Москвада көмүшсө, кандай гана өкүнүчтүү. Ошондой болорун мен сезип жатам"...

Бул туурасында ал кездеги республиканын жетекчилери жакшы билишкен. Бирок эч ким маркумдун сөөгүн Кыргызстанга алып келип, анын керээзин – акыркы өтүнүчүн аткара алган эмес. Аттиң, бизден кетип жатып, ал сүйүктүү Кыргызстанынын көк тиреген тоолорун бир кылчайып карай албады! Бирок тарых акыр-түбү акыйкаттыктын арааны жүрүшүнө мүмкүндүк берет эмеспи. Исхак Раззаковдун ысымы да ошондой болуп, Кыргызстандын тарыхында өзүнүн татыктуу ордун ээледи.

2000-жылдын 2-июнунда, мусулмандар үчүн ыйык саналган жума күнү, өлкө өзүнүн эң мыкты уулдарынын бири менен кош айтышты. Бишкекте кыргыз элинин чыгаан уулдарынын катарына кирген Советтик Чыгыштын эң көрүнүктүү инсандарынын бири – Исхак Раззаковдун сөөгүн кайрадан жерге берүү зыйнаты өткөрүлдү. Ошол эле жылы республикада анын туулган күнүнүн 90 жылдыгы белгиленди. Анын өмүрү жана ишмердүүлүгү гезит-журналдардын беттеринде, радиоуктурууларда жана телеберүүлөрдө кеңири жана ар тараптуу чагылдырылды, китептер чыкты, Лейлек районунун Исфана айылында Исхак Раззаков атындагы музей ачылды, Бишкекте, Ошто, Ысык-Көлдө жана Сүлүктүдө айкелдери орнотулду. Анын ысымы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетине жана республиканын бир катар атайын окуу жайларына, орто мектептерине, ошондой эле Кулунду айылына, Бишкек шаарындагы Биринчи май көчөсүнө ыйгарылды.

Исхак Раззаков бурулуш доордо жашады. Эми анын инсандык табиятынын жандуу белгилерин көрүүчү, жоопту кызмат орундарында жасаган ишин республиканын жана мурунку Советтер Союзунун тарыхынын ошол мезгилинин контекстинде объективдүү жана сый мамиле жасап карап чыгуучу убакыт келди.

Исхак Раззаков принциптүүлүктүн, чынчылдыктын жана абийирдүүлүктүн жандуу мисалы болгон, жогорку маданияттуу, эрудициялуу, тилинен чаң чыккан чечен болгон. Анын нукура жөнөкөйлүгү, жанда жок боорукерлиги таланттуу жетекчинин эл ичиндеги аброюн арттырган. Мына ушул эң сонун адамдык сапаттар аны жакындан билген жана аны менен ийиндеше иштешкен адамдардын жүрөгүндө сакталып калды.

Кыргызстандын мамлекеттүүлүгүнүн пайдубалын түптөгөн инсандардын арасында Исхак Раззаков ар дайым ардактуу орунда турат. Ал ар дайым арабызда, жүрөгүбүздүн түпкүрүндө жашай бермекчи. Анын жаркын элеси, өрнөктүү өмүр жолу ар дайым бизге жол көрсөткөн жылдыз болуп жаркырап жана бермекчи.